| | | |
|---|---|---|
| **“Бекитемин”**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин мүдүрү<br>Турусбекова Н. К.<br>________________<br>“___” __________ 2016 ж. | **“Каралды”**<br>КМТУнун ОМК отурумунда И. Раззаков атындагы КМТУнун ОМК төрагасы<br>Сартов Т. Э.<br>________________<br>Буйрук № 1 9.10.2015 ж. | **“Макулдашылды”**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору<br>Дуйшеналиев Т.Б.<br>________________<br>“___” __________ 2016 ж. |

**И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин педагогикалык кеңеши жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы Жоболор

1.1. Ушу жобо И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Уставына жана № 27/1 2005 ж. 20.01. Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин бекитилген буйругуна, “Кыргыз Республикасынын орто кесиптик окуу жайынын педогогикалык кеңеши жөнүндө” Жобосуна, № 53 2004 – ж. 3.02. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бекитилген токтомуна, “Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билиминин билим берүүчү уюму жөнүндө” Жобосуна ылайык иштелип чыккан.

1.2. КМТУнун Политехникалык колледжинин Педагогикалык кеңеши методикалык ишмердиктин жана өндүрүштүк, окуу – тарбия маселелерин шайкеш келтирүүчү жана анын өнүгүү перспективасын аныктоочу, жогорку коллегиялык органы болуп саналат.

1.3. Алдыңкы педагогикалык жана өндүрүштүк тажрыйбаны колдонуунун негизинде Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүчү мамлекеттик стандартынын талаптарына ылайык кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу КМТУнун Политехникалык колледжинин педагогикалык кеңешинин башкы милдети болуп саналат.

1.4. КМТУнун Политехникалык колледжинин билим берүү ишмердигине тиешелүү бардык маселелерди Педагогикалык кеңеш чечет.

1.5. Кесиптик окутуунун каражаттарын жана методдорун, формасын, мазмунун, колледждин окуу – өндүрүштүк ишмердигинин негизги багыттарын Педагогикалык кеңеш аныктайт.

1.6. Педагогикалык кеңеш ушу Жобонун, И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Уставнын, башка билим тууралуу укуктук нормативдик актылардын, “Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүнү уюштуруу жөнүндө” Жобосунун, “Билим жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде аракеттенет.

## 2. Ишмердиктин негизги багыттары

2.1. КМТУнун Политехникалык колледжинин билим берүү ишмердигине тиешелүү бардык маселелерди Педагогикалык кеңеш чечет, анын ичинде:

— 2020 – жылга чейинки мезгилге колледждин Өнүгүү стратегиясын талкулоо жана карoo;

— Колдонулуп жаткан мамлекеттик стандарттарга ылайык дисциплиналардын программасын бекитет жана тизмени, адистерди даярдоо планын карайт;

— Колледждин ишмердигинин башка багыттарын жана окуу – *методикалык негизги багыттарын* бекитет жана талкуулайт, профориентациялык борбор мунун ичинде;

— Колледждин ишмердигинин бардык түрлөрүнүн отчетторун карайт;

— Колледждин жамаатынын иштеринин жыйынтыгы жөнүндө директордун докладын жыл сайын угат;

— Билим берүү процессин методикалык жактан камсыздоону өркүндөтүү жана уюштуруу маселелерин карайт;

— Жылдык календардык окуу графиктерин, окуу пландарын жана билим берүү программаларын карайт;

— Студенттерди тарбиялоо жана окууну өркүндөтүү жана жакшыртуу боюнча сунуштарды, студенттердин ыктарынын жана билүүсүнүн, билиминин сапатын жана көлөмүн карайт;

— Методикалык жана тарбия иштеринин, өндүрүштүк (кесиптик) практиканын, өндүрүштүк жана теориалык окутуунун маселелерин карайт;

— Окуп жаткандардын арадагы аттестациясынын жана жетишүүнүн кезектеги көзөмөлүнүн жыйынтыктарын карайт;

— Студенттерге окутуунун заманбап методдорун жана формаларын, маалыматтык жана педагогикалык жаңы технологияларды колдонуунун негизинде окуу – тарбия процессинин жыйынтыктарын; кесиптик билим берүүнүн жаңы мазмунга өтүү шартында кесиптик окутууну өркүндөтүү боюнча педагогикалык кызматкерлердин педагогикалык тажрыйбаларынын материалдарын карайт;

— Колледждин окутуучуларынын окуу – методикалык иштелмелерин талкуулайт;

— Окуу жылынын бүтүшүнө жана башталышына даярдык боюнча иш – чараларды талкуулайт;

— № 470 2012-ж. 4.07. КР Өкмөтүнүн бекитилген токтомунун, “Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмунун студенттерине академиялык өргүү берүү жана окуудан чыгаруу, ордуна коюу, которуу тартиби жөнүндө” Жобосу жана № 470 2012-ж. 1.07. КР Өкмөтүнүн бекитилген токтомунун, “Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу

мамлекеттик аттестациясы жөнүндө” Жобосунда аныкталган документтердин негизинде алардан бошотуу жана аларды сынакка коё берүү, окуп жаткандарды которуу, окуудан чыгаруу, ордуна коюу жөнүндө чечимдерди кабыл алат;

— № 27/1 2005 – ж. 20.01. Кыргыз Республикасынын Билим берүү министирлигинин бекитилген буйругуна, “Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү окуу жайынын Педагогикалык кеңеши жөнүндө” Жобосуна ылайык башка мыселелерди чечет;

## 3. Педагогикалык кеңештин составы

3.1. Педагогикалык кеңештин составын колледждин директору бекитет.

3.2. КМТУнун Политехникалык колледжинин директору колледждин Уставына ылайык педагогикалык кеңештин төрагасы болуп саналат. Педагогикалык кеңештин отурумунда педагогикалык кызматкерлердин ичинен эң эле кесипкөйү өзгөчө учурда төрага болуп шайланат. Колледждин окутуучуларынын ичинен катчы дайындалат.

Ушу Жобого ылайык педкеңештин составынын түзүлүү тартиби жана санын аныктоо жүргүзүлөт.

3.3. Педкеңештин составына КМТУнун Политехникалык колледжинин директору жана анын орун басарлары жана бардык педагогикалык кызматкерлер, методисттер, китепканачы, окуу мастерлери, ошондой эле ата – энелер чечүү добушу менен кирет.

Жыйынга КМТУнун Ректордук кеңешинин, КМТУнун окуу башкармылыгынын мүчөлөрү, финансы-чарбалык жана билим берүүнү уюштуруу ишмердигинин маселери боюнча колледж менен өз ара аракеттешүүчү мекемелердин жана уюмдардын өкүлдөрү, окуп жаткандар жана алардын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар) жана башкалар. Колледждин педагогигалык ишине алардын катышуусу анын төрөгасы жана Түзүүчүсү менен аныкталат. (Эгер Түзүүчү жана колледждин шарттарында регламентацияланса). Колледждин педагогикалык кеңешинин жыйынына чакырылган адамдар, кеңеш берүүчү добуш укугун пайдаланышат.

## 4. Ишти уюштуруу

4.1. Педагогикалык кеңештин ишин ачып төрөгасы жана катчы уюштурат. Педагогикалык кеңештин иши окуу жылына түзүлгөн планга ылайык ишке ашырылат, педагогикалык кеңештин жыйынында каралат жана колледждин директору бекитет. Планды иштеп чыгууга колледждин директорунун жетекчилиги астында предметтик-циклдик комиссиясынын төрагалары, методистер, директордун орун басарлары катышат.

4.2. Педагогикалык кеңеш айына бир жолудан кем эмес чакырылат.

4.3. Аныкталган окуу тайпаларында окутууну алып барган окутуучулар, мисалы, каралып жаткан көйгөйгө түздөн түз катышы барлар педагогикалык кеңештин мүчөлөрүн гана тартуу менен - “ Кичи педкеңеш”,

— кыскартылган составы менен педагогикалык кеңештин жыйыны кийинкиге калтырууга болбогон өздүк көйгөйлөрдү оперативдүү кароо максатында өткөрүлөт.

“Кичи педкеңештин” чечимдери педагогикалык кеңештин кезектеги жыйынында бекитилүүгө тийиш.

4.4. Маселени кылдатыраак даярдоо, аларды ар тараптан жана терең талдоо максатында комиссия же чыгармачыл топ түзүлүшү мүмкүн.

4.5. Педагогикалык кеңештин жыйынында каралган маселелер боюнча чечимдер чыгарылат, аткаруу мөөнөтү жана аткаруучулар, ошондой эле анын аткарылышынын көзөмөлгө алгандар көрсөтүлөт. Аткаруу мөөнөтү жана аткаруучулар көрсөтүлүп, педагогикалык кеңештин чечими конкреттүү болуш керек. Педагогикалык кеңештин ар бир жыйынында кеңештин мурда каралган чечиминин аткаруу мөөнөтү аяктагандыгы, аткарылгандыгы жөнүндө маалыматтар берилип туруусу керек. Талкууланып жаткан ар бир маселе боюнча өзүнүн оюн айтуу мүмкүнчүлүгүнөн бир дагы педагогикалык кеңештин мүчөсү ажыратылбайт.

4.6. Эгер педагогикалык кеңештин составынын 2/3 кем эмеси жыйында катышса, педагогикалык кеңештин жыйынына укуктуу.

Катышып отургандардын жарымынан көбү ага добуш берсе, анда чечим кабыл алынды деп эсептелинет.

4.7. Педагогикалык кеңештин чечимине макулдук берилбеген учурда, колледждин директору маселени кайра талкулоого чыгара алат.

4.8. Педагогикалык кеңештин чечимин аткаруу боюнча уюштуруруу иштерин колледждин директору жана чечимде көрсөтүлгөн жооптуу адамдар ишке ащырат.

4.9. Колледжде окуугандар жана бардык кызматкерлер үчүн педагогикалык кеңештин чечими милдеттүү. Колледждин директорунун буйругу менен керек болгон учурда педкеңештин чечими жарыяланат. Чечим кабыл алынган учурдан тартып күчүнө кирет.(буйрук менен жарыяланат).

## 5. Иш жүргүзүү

5.1. Педагогикалык кеңештин жыйынында протокол жүргүзүлөт. Протоколго төраганын жана катчынын колу коюулат.

5.2. “Кыргыз тилин иш жүргүзүүгө жайылтуу жөнүндө” № 1/80 29.04.2014 ж. КМТУнун буйругуна ылайык педагогикалык кеңештин протоколдору эки тилде жүргүзүлүүгө тийиш – кыргыз жана орус тилинде.

5.3. Протоколдо көрсөтүлөт:

— протоколдун катар номуру;

— жыйындын датасы;

— жыйындын катышуучуларынын фамилиясы ( келүү баракчасы)

— чакырылгандардын фамилиясы;

— күн тартиби;

— эскертүүнүн, сунуштардын, сунуш сүйлөөнүн, докладдардын кыскача мазмуну;

— ар бир маселе боюнча кабыл алынган чечимдер;

— чечим кабыл алуу боюнча добуштардын жыйынтыктары;

— талкууланууч*у маселелер боюнча материалдар тиркелет.*

5.4. Педагогикалык кеңештин протоколдору КМТУнун Политехникалык колледжинин делолорунда сакталат. Протоколду номурлоо окуу жылынын башталышы менен жүргүзүлөт. Колледждин педагогикалык кеңешинин протоколдор китеби анын иш номенклатурасына кирет, дайыма мекемеде сакталат жана акт боюнча өткөрүлөт.